DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 5, 2023

***МАДАНИЯТ ТААНУУ ИЛИМДЕРИ***
***КУЛЬТУРОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***CULTURAL SCIENCES***

*Закиров У.А., Орозбакова Ж.*

# ЖИВОПИСТИК ЧЫГАРМАЛАРДЫН ЭСТЕТИКАЛЫК БААЛУУЛУКТАРЫ

*Закиров У.А., Орозбакова Ж.*

# ЭСТЕТИЧЕСКИЕ ЦЕННОСТИ ЖИВОПИСНЫХ РАБОТ

*U. Zakirov, Zh. Orozbakova*

# AESTHETIC VALUES OF PAINTING WORKS

*УДК: 75.011*

*Живопистик картиналык чыгарманын эстетикасы жана аны түшүнүү үчүн эң негизги искусство жөнүндө жалпы түшүнүк болуусу керек. Бир караганда, живопистик картиналык чыгарманын түшүнүү өзгөчө кыйын эместей сезилиши мүмкүн. Мен көргөзмөнү көрүү үчүн музейге келдим дейли, сүрөткө жакындап, аны карап, ал жерде эмне «тартылганын» түшүндүм деген ойго кетемин. Бирок, андай эмес, көркөм живопистик картиналык чыгармаларды көрүү мене бирге түшүнүү да чоң эмгекти талап кылаары шексиз. Көркөм чыгармалар менен тез-тез жолугуп, ар бир картиналык чыгармачыл эмгекке терең ой жүгүртүп кароо менен бирге ар бир көрүүчү өз ойломдук фантазиясын мобилизациялоо менен гана көрүүчүлөргө сүрөтчүнүн кандай ойду бергиси келгенин, сезимдик ниеттерин жана чыгарманын эстетикалык жагымдуулукту чагылдырган көркөмдүүлүктү камтыган кубулуштарды чындап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк ала алат. Живопистик картиналык чыгармаларда ар бир сүрөтчүнүн ички сырлар ааламы, дүйнө таанымы, сезимдери, ойчул иш аракеттерин камтыйт жана ошол кереметтер аркылуу гана мыкты образдардын дүйнөсү жаралат. Демек ар бир чыгармачыл сүрөтчү бул өз өзүнчө феномен. Анын карандашынан жана кыл калеминен гана ар түрдүү сызыктар жана түстөр менен бирге анын ойлору жана сезимдери кагазга жана кенепке чагылышуусу менен бирге терең таасирлерге ээ болгон кубулуштарды көрсөтүп турат. Живопистик картиналык чыгарманы жаратууда, ар бир сүрөтчү өзүнүн алдына койгон планды ишке ашыруу үчүн терең изденүүлөрдү жүргүзүү менен бирге көптөгөн ой толгоолорду камтыган иш аракеттерди жүргүзөт.*

***Негизги сөздөр:*** *живопись, эстетика, чыгармачылык дүйнө тааным, композиция, станоктук живописттин түрлөрү, сюжеттик тематикалык картиналык чыгармалар, портрет, пейзаж, натюрморт.*

*Чтобы понять эстетику картины, необходимо иметь базовое представление об искусстве. На первый взгляд картина может показаться не особенно сложной для понимания. Допустим, я прихожу в музей посмотреть выставку, подхожу к картине, смотрю на нее и думаю, что понимаю, что там «запечатлено». Однако это не так: увидеть и понять произведения искусства, несомненно, требует большого труда. Часто встречаясь с произведениями искусства и глубоко размышляя над каждой картиной, только мобилизовав свое воображение, зритель может по-настоящему понять, что художник хочет донести до зрителя, эмоциональные намерения и художественные явления, отражающие эстетическую привлекательность произведения. В произведениях живописи заключена вселенная внутренних тайн, мировоззрения, чувств и мыслительных действий каждого художника, и только благодаря этим чудесам создается мир лучших образов. Поэтому каждый творческий художник – это свое явление. Только его карандаш и перо, а также разнообразие линий и цветов отражают на бумаге и холсте его мысли и чувства вместе с явлениями, имеющими глубокие последствия. В процессе создания картины каждый художник проводит множество мыслительных мероприятий, одновременно проводя глубокие исследования для реализации плана, который он перед собой поставил.*

***Ключевые слова:*** *живопись, эстетика, творчество, мировоззрение, композиция, виды станковой живописи, тематические картины, портрет, пейзаж, натюрморт.*

*To understand the aesthetics of a painting, you need to have a basic understanding of art. At first glance, the picture may not seem particularly difficult to understand. Let's say I come to a museum to see an exhibition, go up to the painting, look at it and think that I understand what is "captured" there. However, this is not so: seeing and understanding works of art undoubtedly requires a lot of work. By frequently encountering works of art and reflecting deeply on each painting, only by mobilizing their imagination can the viewer truly understand what the artist wants to convey to the viewer, the emotional intentions and artistic phenomena that reflect the aesthetic appeal of the work. The works of painting contain a universe of inner secrets, worldview, feelings and mental actions of each artist, and only thanks to these miracles a world of the best images is created. Therefore, every creative artist is his own phenomenon. Only his pencil and pen, as well as the variety of lines and colors, reflect on paper and canvas his thoughts and feelings, along with phenomena that have deep consequences. During the process of creating a painting, every artist goes through many mental activities while simultaneously conducting in-depth research to realize the plan he has set for himself.*

***Key words:*** *painting, aesthetics, creativity, worldview, composition, types of easel painting, thematic paintings, portrait, landscape, still life.*

Живопись – бул сүрөт искусствосунун бир түрү, ал айланадагы дүйнөнүн табигый көрүнүштөрүн боёктор менен тартуу ыкмасы болуп саналат.

Живописттин негизги экспрессивдүү каражаты – бул түс, ал көрүүчүнүн сүрөттү жалпы кабыл алуусуна таасир этет, маанилүү деталдарга көңүл бурууга мүмкүндүк берет, чыгарманын эмоционалдык компонентин күчөтөт. Сүрөтчүгө түстү, көлөмдү жана мейкиндикти так жеткирүү үчүн зарыл болгон көлөкөлөр жана тондор палитрага боёкторду аралашты-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



руу аркылуу жетишилет. Сүрөтчү, көркөм живопистик картиналык сюжеттин кубулуштук көрүнүштүк өнүгүшүндө кадайдыр бир белгилүү, же болбосо белгисиз адамдын жашоосундагы турмуш образын жаратуу үчүн белгилүү бир учурду жана колориттик композициялык көрүнүштү чагылдыруучу сюжетти тандайт. Мына ушундай болгон, шарттуу көрүнүштү чагылдырып берген абалда гана, сүрөтчү менен фотографтын табиаттын көрүнүшүн сүрөттөгөн учурдагы тышкы окшоштугу байкалат. Алардын ортосундагы айырмачылыкты көрсөтүүчү жана чечүүчү айырма: – сүрөтчү өз сүрөттөрүндө жалпыланган, типтүү образдарды берген, бирок ошол эле мезгилдерде терең философиялык жана эстетикалык коозduктарды чагылдырган болсо, ал эми фотографтын фото сүрөттүк чыгармасында ошол терендиктер жетишсиз болуп кала бермекчи.

И.Е. Репин биринчи жолу Петербургда, Невада, майрамдын күнөстүү күндөрүндө баржа ташуучуларды көргөндөгү анын кабылдоо сезиминдеги реакциясы өтө таасирленүү менен болду. Анткени, ал ошол көрүнүштөгү карама-каршылыкка таң калды, тытылган, кир, чарчаган баржа ташыгычтардын аянычтуу көрүнүштөрү жана баржаны сүйрөп баратышкан оор салмактагы композициялык көрүнүш ж.б. Ал көргөн баржа ташыгычтардын тобу, алардын оор эмгектик жашоо-турмушу, анын кыялын ойготту. Ал, бул турмуштук кубулушту өз живопистик картиналык чыгармасында таасирдүү көрүнүштө тартууну чечти. Бирок, ошондой болсо да, сүрөтчү үчүн, ошол биринчи Санкт-Петербургда көргөн баржа ташуучулардын көрүнүшүнүн таасири жетишсиз болгон.

Кийинчерээк Репин Волгага, кул эмгегинин өтө оор көрүнүшүн алып жүргөн жалданма ишчилердин чордонуна барат. Баржа ташуучулардын турмушун кылдат изилдеп чыгуу ага зор жалпылоочу күчкө ээ кылат.

Бул живопистик картиналык чыгармада, Репин ойломдун терендигине сүңгүп кирип, көрүүчүнү жана байкоочуну тарбиялоодон алыстоо менен бирге рационалдуу тенденциядан качкан. Ал элдин, ар бир кыйналып жашаган жарандын оор жашоо турмуштагы өз үлүшүн ичтен туюп, баржа ташуучулардын каармандары аркылуу ачып берет. Бул картинаны көргөн көрүүчү баржа ташыгычтарды гана көрүп тим болбостон, арткы көрүнүштү камтыган сырлар ааламына сүңгүп кирип, өнүттө калган таасир сезимдерге бөлөнө алат. Баржа ташуучулардын тартып бараткан кара жип тростук сызыгын ысык, куйкалаган кумду бойлоп, аптаптуу күндүн астында кыйналуу менен басып бара жатышат. Бул живопистик картиналык чыгармадагы адамдардын жүздөрүнө жакшылап карасаңыз, алардын оригиналдуулугун, ар биринин өз мүнөзүн, оор турмушка болгон өздүк таасир сезимдерин да байкайсыз. “Эгерде биз эстетикалык ой жүгүртүп көрө турган болсок, ар бир живопистик картиналык чыгарманын артында терең изденүүлөр жана өтө чоң мээнеттер бар”[1]. Демек, мына ушундай психологиялык изденүү аркылуу терендик, улуу көрүнүштүк образ, элден чыккан адамдардын оор турмушунун бир аянычтуу, ошол эле мезгилдерде кереметтүү көрүнүштөдү камтыган улуу живопистик картиналык  полотно пайда болду. Бул живопистик картиналык чыгарма аркылуу, автордун өз оюн жана адамдардын жашоосун терең түшүнүүсү жана чындык жашоо турмуштан көргөндөрүн жалпылоо жөндөмүнүн аркасында мүмкүн болду.

Мольберттик живопись, же башкача айтканда станоктук живопись, монументалдык жана декоративдик картиналык живопистик сүрөттөр бар. Мольберттик живопистин негизги түрлөрү – предметтик-тематикалык живопись, портрет, пейзаж, натюрморт, баталдык, турмуштук жанрлары болуп бөлүнүп кетет. Живопистин өнүгүшү менен бул түрлөрдүн ар биринде өзүнчө жанрлар пайда болгон. Ошентип, тематикалык живопись, портрет, пейзаж, натюрморт, баталдык, турмуштук жанрлары болуп бөлүнүп кетет. Живопистин өнүгүшү менен бул түрлөрдүн ар биринде өзүнчө жанрлар пайда болгон. Ошентип, тематикалык картиналардын арасында тарыхый, турмуш-тиричилик жана согуштук жанрлар пайда болуп, советтик искусстводо да тарыхый-революциялык окуяларды чагылдырган образдуу чыгармалары жаралып олтурган.

Мольберттик живопись өзүнүн атын «станок» деген сөздөн алган – сүрөтчү өзүнүн сүрөттөрүн тарткан прибор (мольберт). “Монументалдык жана декоративдик живописten айырмаланып, мольберттик чыгармалар архитектуралык түзүлүш менен байланышпайт жана эч кандай утилитардык функцияларды аткарбайт, өз алдынча көркөм мааниге ээ” [2]. Азыркы учурда станоктук живопись өзүнүн алдыңкы ордун сактап келет. Ал кенен ойлорду айтып, курчап турган дүйнөнүн бардык байлыгын терең жана чынчыл жеткире алат. Мольберт сүрөттөрүнүн ичинен эң байыркы жанрлардын бири тематикалык живопись болуп саналат. Чыныгы сүрөтчүнүн тематикалык сүрөтү эң сонун гармонияланган хорду элестетет, мындай учурда бир эле жалган нота жалпы бир композициялык бүтүндүктү бузуп салышы мүмкүн.

Мисалы, биздин бул ойду далилдей турган живопистик картиналык чыгарма катары Суриковдун «Меньшиков Березоводо» деген картинасындагы күмүштөн жасалган шам койгучтагы эрип бара жаткан шамдын тегерегинде олтурушкан үй-бүлөнүн жалпы көрүнүшү көрүүчүгө айтып берет. Бул живопистик картинада көрүнүшү чоң болгон бир кары киши, оор болгон психо-эмоционалдык абалда үй-бүлөсүнүн жанында олтурат. Ал байкуш, бир кездерде Петр I нин доорунда, кудуреттүү кесип ээси болуп, анын убактылуу болсо да кулу болгон, азыр болсо ал жумушунан куулуп, бийликтен ажырап, тар, түтүн каптаган алачыкта өзүнүн оор ойлоруна чөмүлүп отур-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



ган абалы чагылдырылган. Кичүү кызы калың китепти шамдын жарыгында үн чыгарып баарынын көңүлүн өзүнө бөлүп, аларга окуп берүүдө. Мына ушундай шарттарда жана абалдарда убакыт жай өтөт. Алар ушунчалык бат өткөн убакытты сезбей да калышты окшойт, таң да атып, шам өчтү. Меньшиков кызынын китеп окуп жатканын дале болсо угуп жатабы?, билбеймин, айтоор табышмактуу ойдо болуп тургандыгы байкалып турат. "Картинаны түзүүнүн чыгармачылык процесси теманы (белгилүү бир коомдук кубулуштарды тандоо), идеяны (чыгарманын негизги идеясын) жана сюжетин (идеологиялык жана тематикалык мазмунду конкреттүү түрдө чагылдыруу) камтыган концепциядан башталат, сүрөттөр), акырында, жалпы түс схемасы сюжеттик-тематикалык сүрөт болот" [3]. Идея сүрөтчүнүн чыгармачылык фантазиясында чыгарманын үстүндө практикалык иш баштала электе эле пайда болот. Идея өтө жалпы же конкреттүү болушу мүмкүн. Сүрөттү түзүүдө идея жарым-жартылай өзгөрүүгө дуушар болушу мүмкүн, көбүнчө образдык жана идеялык байытуу багытында айта турган болсок. Мисалы, «Курск губерниясындагы диний жүрүш» деген картинанын үстүнөн иштей баштаганда, Репин токой жолунда бара жаткан кортежди сүрөттөө ниетинде болгон. Бул живопистик картиналык чыгармасында, Репин бай көрүнүштөр жана кооз мүмкүнчүлүктөрдү чагылдырган кубулуштарды көрүүчүгө убада кылган жок. Анткен себеби, сүрөтчү бул азгырык жолдон баш тартты. Жарыктын жана көлөкөнүн көптүгү, күн тактарынын ойношу чыгарманын идеялык мазмунун туура кабыл алууга зыян келтириши мүмкүн экендигин байкап сезди көрүнөт.

"Сүрөтчүнүн толкунданган сезимине жылынбаган картина адамдын жан дүйнөсүнө тийе албайт. Предметтик-тематикалык картинаны түзүү процессинин бул өзгөчөлүктөрү портреттерге, пейзаждарга, натюрморттарга да мүнөздүү" [4]. Сүрөт искусствосунда портрет живопистин өзгөчө түрү катары чоң жана маанилүү орунду ээлейт. Портрет үчүн милдеттүү талаптардын бири окшоштук болуп саналат. Ал эми чыныгы реалист сүрөтчү белгилүү бир адамдын жөн эле көчүрмөсүн эмес, белгилүү бир доордогу же коомдук статустагы адамдардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, ой-сезимдерин чагылдырган жалпыланган көркөм образды жаратат.

Орус портретинин мыкты үлгүлөрүнүн бири 1873-жылы И.Крамской тарткан Л.Н. Толстойдун портретин белгилөөгө болоор эле. Сүрөтчү Толстойду нейтралдуу караңгы фондо тарткан, бул көрүүчүнүн көңүлүн жазуучунун сырткы көрүнүшүнө бурууга жардам берет. Анын өзүнө мүнөздүү болгон бурчтуу жүзү, дыйкандын кара коюу сакалы, кең мурун, калың каш, кичинекей, көздөрү; тынч бүктөлгөн күчтүү колдор портретти толуктайт. Жазуучунун ыкшоо көз карашы көрүүчүгө карай кичине бурулгандай болуп көрүнөт. Сүрөтчү Толстойдун акыл-эсинин тереңдигин жана сергектигин, анын катуу аналитикалык талантын көрсөтө алган. Бул курч коомдук карама-каршылыктардын доорунда жашап жана эмгектенген адам менен жазуучунун портрети, «бардыгы тескери болуп, өз ордуна келет.

"Голландиялык сүрөтчү Рембрандт адам өмүрү жөнүндө айтууга мыкты жөндөмгө ээ болгон. Анын инисинин аялынын портретин караганыбызда, кайгылуу, оор турмушун кемпир өзү айтып жаткандай туюлат" [5]. Бул окуя көрүүчүнүн фантазиясынын абстракттуу божомолу эмес; ал Рембрандт көрсөткөн реалисттик мүнөздөмөлөрдөн турат: кемпирдин бир аз ийилген башы, терең бырыш баскан муңайым жүзү, кемпирдин эңкейген фигурасында оор чарчоо баскан көрүнүшү жалпы образды толуктап турат. Сүрөтчүнүн көз карашы, дүйнө таанымы портретте да чагылдырылган. "Сүрөтчүлөр өз чыгармаларында фантазиялык жана интуициялык сезимдерин айкалыштыруу менен образдарды жараткан учурлар да кездешет" [6]. Алгачкы кыргыз сүрөтчүлөрү пейзажга тематикалык картина сыяктуу эле олуттуу маани беришкен. Түрдүү эскиздик материалдын негизинде жаратылышты кылдат байкоо жана изилдөө гана бул жанрда иштеген сүрөтчүлөргө ийгилик алып келет. С.А. Чуйковдун «Советтик Кыргыз кызы» ("Дочь Советской Киргизии"), Г. Айтиевдин «Ойлом» ("Раздумье"), Г.Керимбековдун «Прежевальск порту» ("Порт Прежевальск") – мунун баары орус табиятынын жалпыланган образдары. Чуйковдун картинасы эң алгачкы билим алууга умтулган советтик кыргыз кызынын билимге болгон сүйүүсү, колунда кармап бара жаткан китеби аркылуу жана айлана чөйрөнүн керемет сулуу көрүнүштүк кубулуштары аркылуу да байкалып турат. Сүрөтчүнүн жылуу сезимине жылынган бул бүтүндөй картина күтүүсүздөн чыныгы поэзиядай угулат. Ошондо адамдар жарыкты көрүп, кыргыздын табиятынын өзгөчө, кайталангыс кооздугун, ал эми аскалардын өкүрүкүндө жана ыйында жашоонун кубанычын жана жаздын музыкасын көрүп, түшүнүшкөндөй болду.

**Адабияттар:**


1. Жуков Л.М. Эстетика художника. - Л., 2019. - С. 3.
2. Паранющкин Р.В. Композиция. Теория и практика изобразительного искусства. - М., 2019. – С. 8.
3. Бенуа А.Н. История живописи. - М., 2012. - С. 33.
4. Гордон Ю. Книга о языке композиции. - М., 2021. - С. 11.
5. Гомбрих Э.. История искуства. - М., 2021. - С. 65.
6. Закиров У.А. Философские ценности, появившиеся в западноевропейском искусстве в XVIII-XIX веках. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2022. - №. 9. - С. 236-239.